**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БИШКЕК ШААРЫНЫН**
**МЭРИЯСЫ**

720001, Бишкек шаары, Чүй пр., 166
тел.: 0312 61-11-77, факс:0312 66-06-21
www.meria.kg. e-mail bishkek@meria.kg
Эсептешүү эсеби № 4402061211007581
Кыргыз Республикасынын
Финансы министрлигинин
Борбордук казынасы
БИК 440001 ОКПО 00023188
Ленин району боюнча МСКБ 002,
ИНН 01710199610068

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**МЭРИЯ ГОРОДА БИШКЕК**

720001, г. Бишкек, пр. Чуй, 166
тел.: 0312 61-11-77, факс:0312 66-06-21
www.meria.kg. e-mail bishkek@meria.kg
Расчетный счет № 4402061211007581
Центральное казначейство
Министерства финансов
Кыргызской Республики
БИК 440001 ОКПО 00023188
002 УГНС по Ленинскому району
ИНН 01710199610068

_______________№_____________

№ 12-779, 10.03.2025ж.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку Кеңешинин**
**депутаты Д. Бекешевге**

Бишкек шаарынын мэриясы, Сиздин 2025-жылдын 10-мартындагы № 12-779 сандуу “Примус Строй” жоопкерчилиги чектелген коому боюнча жазган катыңызды карап чыгып, төмөнкүнү билдирет.

“Бишкекбашкыархитектура” мамлекеттик мекемесинин архивдик маалыматка ылайык, суралып жаткан жер участогуна Бишкек шаарынын мэриясынын 2003-жылдын 9-октябрындагы № 746 токтомунун негизинде В.Г. Барминге 7-микрорайондун Юнусалиев көчөсүндө турган соода-сервис жана оюн-зоок багытындагы комплекси үчүн аянты 0,1656га жер участогу ижара шартында 49 (кырк тогуз) жылдык мөөнөткө убактылуу пайдаланууга берилген.

2012-жылдын 6-апрелиндеги № АА11/643з “7-кичи районуну, № 41а дарегинде жайгашкан кафе, бильярд жана мейманкана номерлери” объектиси боюнча шаар куруу корутундусу дайындалган.

2018-жылдын 26-январындагы № 13877 “Юнусалиев көчөсү, 41а дарегине бөлүнүп берилген аймакта мейманкана номерлери менен соода-тейме, көңүл ачуу комплекси” долбоорун түзүү үчүн архитектуралык пландоо шарттары (АПШ) дайындалган.

2021-жылдын 21-майындагы № ЖМ03-14/318з “Юнусалиев көч., № 41А дарегиндеги мейманкана номерлери менен соода-тейме, көңүл ачуу комплекси, кафеге көрктөндүрүү үчүн ижара шартында мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга кошумча жер участогу” объектиси боюнча шаар куруу корутундусу дайындалып, тиешелүү чечим кабыл алуу үчүн Бишкек шаарындагы жер участокторуна укуктарды берүү боюнча комиссиянын кароосуна белгиленген тартипте жөнөтүлгөн.

2024-жылдын 16-январындагы № ЕН03-14/24ЕО “2004-жылдын 13- сентябрындагы № 571 жер участогун ижаралоо келишиминин негизинде 7-кичирайону № 41а дарегинде соода-сервис жана оюн-зоок багытындагы комплекси үчүн берилген жер участогунун функционалдык багытын соода комплексине өзгөртүү киргизүү” жана 2024-жылдын

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 20-11/689, 28.03.2025

Кол койгон: Кадыров А.К., 28.03.2025

16-январындагы № ЕН03-14/23ЕО “2022-жылдын 26-августундагы № 101-2022-228680 жер участогун ижаралоо келишиминин негизинде 7-кичирайону № 41а дарегинде кафе, бильярд, мейманкана номерлерин долбоорлоо жана куруу үчүн берилген жер участогунун функционалдык багытын соода комплексине өзгөртүү киргизүү” объектилери боюнча шаар куруу корутундулары дайындалып, белгиленген тартипте тиешелүү чечим кабыл алуу үчүн Бишкек шаарындагы жер участокторуна укуктарды берүү боюнча комиссиянын кароосуна белгиленген тартипте жөнөтүлгөн.

2024-жылдын 31-майындагы № 16740 “Юнусалиев көчөсү, 41а дагы бөлүнгөн аймакта 2-деңгелдүү жер астындагы паркинги жана соода-кеңсе жайлары менен 8-кабаттуу соода комплекси” долбоорун түзүү үчүн архитектуралык шаар куруу корутундусу дайындалган. 2024-жылдын 14-июнунда жана 2024-жылдын 17-августунда жумушчу долбоорлор макулдашылгандыгын билдирген.

Ал эми, Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча департаментинде катталган маалыматына ылайык Бишкек шаарынын мэриясынын 2003-жылдын 9-октябрындагы № 746 токтому менен жаран В.Б. Барминге Бишкек шары, 7-кичи району, Юнусалиев көчөсүнөн соода сервис жана оюн зоок багытындагы комплекси үчүн аянты 0,1565 га, жер участогу 49 жылдык мөөнөткө убактылуу пайдаланууга берилген.

2023-жылдын 24-октябрындагы № 115-20240669707 сатып алуу-сатуу келишиминин негизинде, “Примус Строй” Жоопкерчилиги чектелген коомуна, Бишкек шары, 7-кичи району, 41а, дарегиндеги азыркы турган соода-сатык, оюн-зоок багытындагы комплекси үчүн, ижара шартында жылына 272 310 сом белгиленип аянты 0,1565 га, жер участогу 2052-жылдын 9-октябрына чейин пайдаланууга берилген билдирген (Жер участогунун идентификациондук коду: 1-04-07-0027-0191).

**Мэрдин орун басары** **А.К. Кадыров**

Н.Б. Качкынов
0502 702 102

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН